«Б Е К И Т Е М И Н»
Ош мамлекеттик университетинин ректору, филология илимдеринин доктору, профессор К.А.Исаков

«28» 08 2018-ж.

**Гапыр Мадаминовдун *«Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шартары»* аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме – Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын**

## П И К И Р И

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасынын Конституциясында "Үй-бүлө коомдун башаты, үй-бүлө, ата болуу, эне болуу, балалык бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот, балдарга камкордук көрүү, аларды тарбиялоо — ата-энелердин табигый укугу жана жарандык милдети", - деп таамай белгиленген. Ал эми Кыргыз коомунун туруктуу өнүгүүгүсү, анын баштапкы уюму болгон үй бүлөнүн руханий-педагогикалык баалуулуктарынын бакубаттыгына байланыштуу болору шексиз. Бул багытта бир катар педагогикалык концепциялар заманбап талапка ылайык илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, мектеп менен үй-бүлөнүн байланышын күчөтүүнүн жол-жоболору изилденүүдө. Ошонун катарында ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү зарыл маселелерден болуп саналат. Г.Мадаминовдун изилдөөсү дал ушул багытта, т.а.

айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шартары аныктоого багытталган.

Азыркы кезде кыргыз педагогикасында, илимий-педагогикалык адабияттарга жана социалдык-педагогикалык тажрыйбаларга жүргүзүлгөн анализ ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүгө кедергисин тийгизип жаткан бир катар карама-каршылыктар болуп жаткандыгы белгилүү.

Бул диссертациянын мазмунунда берилген илимий проблеманы актуалдуу деп эсептөөгө негиз болот. Ошондуктан диссертациялык иштин темасы азыркы учурга шайкеш жана өздөштүрүү үчүн кызыктуу. Анткени тандалып алынган тема, тарбия жаатындагы адис педагогдордун эле эмес, жалпы коомчулуктун – мамлекеттин, мамлекеттик жана коомдук уюмдардын, иш берүүчүлөрдүн жана ата-энелердин дагы кызыгууларын жаратат.

Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү багытындагы интеграцияланган иш чаралардын түзүмдөрүнө, функцияларына жана моделдерине талдоо жүргүзүү менен, алардын педагогикалык негиздерин аныктоо аркылуу ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү маселесин чечүүнүн зарылдыгы, алардын педагогикалык ой жүгүртүүлөрүн, тажрыйбаларын өнүктүрүү, ата-энелердин чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу милдеттерин чечүүдөгү ролу менен шартталат.

Ушул позициядан алып караганда изденүүчүнүн диссертациялык ишинин **актуалдуулугу** эч кандай шек туудурбайт.

**2. Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.**

Изденүүчү айыл мектептерде ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыгуу жана аны натыйжалуу ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоодо илимий булактардагы адамдын ишмердүүлүгүнүн жана чыгармачылыгынын маңызы, субъекттин иш-аракеттерге мамилесинин өзүн-өзү уюштуруунун ролу жөнүндөгү философиялык жоболор жана гуманисттик концепцияларга таянуу менен тарбиялоо процесстерин өнүктүрүү формаларынын объективдүү жана субъективдүү факторлорго, анын

ичинде, коомдун керектөөлөрүнө, өздөштүрүлүп жаткан объекттердин маани-маңыздарына, илимдердин абалына, үстөмдүк кылган көз караштарга ж.б. жараша боло тургандыгын тастыктайт.

Ошондой эле изденүүчү ата-энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну, структурасы жана критерийлерин иштеп чыккан. Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын түзүмүн аныктоодо когнитивдик, операциялык, коммуникативдик, рефлексивдүү, эмоционалдык сыяктуу компоненттердин системаларынын жаңыча аныкталышы сыяктуу жоболорду негиз туткан. Ошондой эле айыл мектептеринин шартында ата-энелердин окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндөгү маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары жана аны ишке киргизүүгө байланыштуу автордук илимий-педагогикалык долбоорлор иштелип чыгып иш жүзөгө ашырылган.

Диссертант коюлган максат милдеттерди чечүүдө кесиптик жана илимий теориялык, метологиялык жактан даярдыгынын жеткилең экендигин көрсөтө алган. Изилдөөнүн максаты менен натыйжаларынын ортосунда тыкыр ички логикалык биримдик камсыз кылынган. Изилдөөнүн милдеттери, коргоого коюлган жоболор, кортундулар түгөлү менен анын мазмунуна дал келет.

**3. Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык изилдөөдө Кыргыз Республикасынын ЖАКнын кандидаттык окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча жоболоруна шайкеш автор тарабынан төмөнкүдөй жаңы илимий натыйжалар алынган:

- ата-энелердин педагогикалык маданиятын оркүндөтүүнүн тарыхый жана илимий-теориялык негиздери айкындалган;
- ата-энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну, структурасы, критерийлери иштелип чыгып апробациядан өткөрүлгөн;
- айыл мектептериндеги ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары аныкталган жана практикада текшерилген;
- ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө багытталган “Энелер мектебинин” автордук программасы жана колдонмолору апробациядан

өткөрүлгөн.

**4. Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар.**

Изилдөөнүн жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу, билим сапатына диагноздоо жана мониторинг жүргүзүү, өркүндөтүүгө, ата энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга жардам берет. Автор тарабынан иштелип чыгып таасирдүүлүгү коп жылдык тажрыйбада тастыкталган "Энелер мектебин" - ата- энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун жаңы модели катары колдонууга болот. Изилдөөнүн натыйжаларын камтыган автордун илимий методикалык колдонмолорун жогорку окуу жайлардын мугалимдерди даярдоо практикасында колдонууга болот.

Изилдөө ишинин тууралыгы эксперименттердин жыйынтыктары жана изилдөө иштеринин натыйжаларын кыргыз айыл социумунун шартында ата энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүдө, "айылдык ата-эненин педагогикалык маданияты", "энелер мектеби", "маданияттуу үй-бүлө" ж.б. түшүнүктөрдүн мазмуну, "Энелер мектебинин" концепциясы жана технологиялык модели, ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү процессинде колдонуунун ийгиликтүүлүгү менен аныкталат.

**5. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Изденүүчү Гапыр Мадаминовдун *«Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шартары»* аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет.

Авторефераттын орус жана англис тилиндеги резюмеси кыргызча мазмуну менен иденттүү талапка ылайык аткарылган.

**6. Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Диссертациялык иштин натыйжалары боюнча үч усулдук колдонмо, 17 макала, алардын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланган макалалары дагы бар. Автордун илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт.

**7. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштөр:**

Диссертациялык жумуштун айрым кемчиликтери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1. Диссертант изилденип жаткан проблеманын практикалык жагына көбүрөк басым жасаган, ал эми илимий-теориялык жагы жетишерлик эместей таасир калтырат.
2. Авторефератта педагогикалык маданият, ата-энелердин педагогикалык маданияты түшүнүктөрү ачылып берилбей калгандай.
3. Диссертациялык ишеги авторлорго берилген шилтемелер, адабияттардын тизмеги менен дерлик дал келбейт. Мис, 11-беттеги көрсөтүлгөн [107, 27-б.] шилтемеси. Диссертацияда “КРнын үй-бүлө кодекси” деп берилсе, адабияттардын тизмегине бул такыр кошулган эмес. 51-беттеги [47] ж.б.

Албетте, аталган кемчиликтерди диссертациянын мазмундук чектерин тереңдетүү багытындагы сунуштар катары кабылдоого болот жана алар изилдөөнүн теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Гапыр Мадаминовдун кандидаттык диссертациясы өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот. Изилдөөнүн мазмуну жана андагы алынган жыйынтык жободогу көрсөтүлгөн критерийлерге толугу менен жооп берет.

Гапыр Мадаминовдун *«Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шартары»* аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык

келет. Ал эми изденүүчү Гапыр Мадаминов 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Пикир Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын 2018 - жылдын 27 - августундагы отурумунда (протокол № 1) талкууланып бекитилген.

**Ош мамлекеттик университетинин**
**педагогика кафедрасынын башчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты,**
**доцент:** **Шадиев Н.С.**

**Катчы:** **Абдыманап кызы А.**

Тастыктаймын:
ОшМУнун окумуштуу
катчысы М. Байсубанов